***DOI:10.26104/NNTIK.2023.38.43.027***

*Шаршембиева Т.С., Омуралиев Н.А., Жамангулов К.Э.*

# АЗЫРКЫ МЕКТЕПТЕГИ АДЕП-АХЛАКТЫК ТАРБИЯГА ТААСИР БЕРҮҮЧҮ ФАКТОРЛОР

*Шаршембиева Т.С., Омуралиев Н.А., Жамангулов К.Э*

# ФАКТОРЫ, ВЛИЯЮЩИЕ НА НРАВСТВЕННОЕ ВОСПИТАНИЕ В СОВРЕМЕННОЙ ШКОЛЕ

*T. Sharshembieva, N. Omuraliev, K. Zhamangulov*

# FACTORS AFFECTING MORAL EDUCATION IN MODERN SCHOOLS

*УДК: 316.37(575.2) (04)*

*Макалада окуу процессинин негизги звеносу катары рухий-адептик тарбиянын кээ бир көйгөйлөрү жана карама-каршылыктары каралат. Кыргызстандагы заманбап билим берүүнүн максаты – жоопкерчиликтүү, демилгелүү, компетенттүү жана руханий жактан өнүккөн жарандарды тарбиялоо. Бул коомдун, үй-бүлөнүн, мектеп жана башка билим берүү мекемелеринин аракети менен ишке ашат. Бирок бүгүнкү күндө мектептеги окуу процессине кандайдыр бир деңгээлде тиешеси бар коомдук институттардын аракеттеринде ырааттуулук, кызматташуу жок. Ар бир институт бул маселени өз мүмкүнчүлүгүнө жараша чечүүгө аракеттенип жатат. Бирок практика көрсөткөндөй, окуучулардын рухий-адептик тарбиясын өнүктүрүүдө жана тарбиялоодо күчтөрдү бириктирүү менен жакшы натыйжаларга жетишүүгө болот. Макаланын аягында руханий-адептик тарбиянын азыркы абалын жакшыртуу боюнча сунуштар берилген.*

***Негизги сөздөр:*** *руханий-адептик өнүгүү, руханий депрессия, адеп-ахлактык сапаттар, жогорку адептүү мектеп чөйрөсү, социалдык-педагогикалык өнөктөштүк, баалуулук багыттарынын системасы.*

*В статье рассматриваются некоторые проблемы и противоречия духовно-нравственного воспитания как ключевого звена образовательного процесса. Целью современного образования в Кыргызстане является воспитание ответственных, инициативных, компетентных и духовно развитых граждан. Это достигается через усилия общества, семьи, школы и других образовательных институтов. Но сегодня согласованность в действиях социальных институтов, которые имеют хоть какое-то отношение к учебному процессу в школе, не наблюдается. Каждый институт пытается решить данную проблему в рамках своих возможностей. Но практика показывает, что хорошего результата можно добиться в объединении сил в развитии и воспитании духовно-нравственного воспитания учащихся. В конце статьи даются предложения по улучшению нынешнего состояния, относительно духовно-нравственного воспитания.*

***Ключевые слова:*** *духовно-нравственное развитие, духовная депрессия, моральные качества, высоконравственная школьная среда, социально-педагогическое партнерство, система ценностей.*

*The article examines some problems and contradictions of spiritual and moral education as a key link in the educational process. The goal of modern education in Kyrgyzstan is to educate responsible, proactive, competent and spiritually developed citizens. This is achieved through the efforts of society, family, school and other educational institutions. But today there is no consistency in the actions of social institutions that have at least some relations to the educational process at school. Each institute is trying to solve this problem within its capabilities. But practice shows that good results can be achieved by combining forces in developing and nurturing the spiritual and moral education of students. At the end of the article, suggestions are given for improving the current state regarding spiritual and moral education.*

***Key words:*** *spiritual and moral development, spiritual depression, moral qualities, highly moral school environment, social and pedagogical partnership, value system.*

***Азыркы этапта окуучуларды руханий-адептик тарбиялоонун актуалдуулугу.*** Ааламдашуу процесси адамдын руханий жана адеп-ахлактык жүрүм-турумуна оң гана эмес, терс да таасирин тийгизет.

Республикабыз эгемен мамлекет катары отуз жылдан ашык убакыттан бери жашап келе жатканына карабастан, бул күндөрү баалуулуктардын багыттары анча айкын болбой баратат, «эмне жакшы», «эмне жаман» деген так аныктама жок. Мындай кырдаалда биз моралдык деградация, прагматизм, жашоонун маанисин жоготуу жана керектөө культу, ошондой эле өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун, баңги заттарды колдонуунун жана алкоголизмдин көйгөйлөрүнө көбүрөөк туш болуп жатабыз. Бул жагдайлардын баары коомдогу руханий кризисти жана инсандын руханий бүтүндүгүн жоготкондугундан кабар берет.

Адеп-ахлактык тандоо маселеси адамзат үчүн, өзгөчө жаш муундун контекстинде эң олуттуу маселелердин бири.

Бүгүнкү күндө материалдык баалуулуктар көбүнчө руханий баалуулуктардан жогору турганы белгилүү, бул өз учурунда балдардын кайрымдуулук, боорукердик, сабырдуулук, адилеттүүлүк, мекенчилдик, ж.б. ушул сыяктуу баалуулуктарын башкача түшүнүүгө алып келүүдө.

Албетте мектеп окуучуларынын чон адамдардын айырмасы, алар көбүнчө эмоционалдык, эрктүүлүк жана руханий жактан жетиле электиги менен мүнөздөлөт. Бул инсан катары толук калыптанып бүтө электер үчүн сырткы шарттар дагы кошумча болууда, алсак көбүнчө массалык маалымат каражатта-

рында, социалдык тармактарда, негизинен батыш маданиятынын атрибуттарына басым жасалат, бул кыргыз менталитетине мүнөздүү чыныгы руханий, маданий жана улуттук баалуулуктардын маанисин төмөндөтөт.

Бүгүнкү күндө биздин коом үчүн эң чоң коркунуч – бул экономиканын кыйрашы же саясий системанын өзгөрүшү эмес, тескерисинче инсандын жок болушу эң чоң көйгөйлөрдүн бирине айланууда. Руханий-адеп-ахлактык тарбиялоо проблемасынын актуалдуулугу азыркы мезгилде окуучуларды ар тарабынан чырмалышып курчап турган оң жана ошол эле учурда терс булактардын пайда болушу менен мүнөздөлөт.

Бул *изилдөөнүн максаты* − кыргыз коомундагы заманбап руханий жана адеп-ахлактык билимге сындык талдоо жүргүзүү, бул көйгөйдү чечүү үчүн билим берүү мекемелеринин жана билим берүү процессинин башка субъекттеринин ортосундагы кызматташтыктын потенциалын аныктоо, ошондой эле ага байланыштуу тобокелдиктерди минималдаштыруу, сунуш даярдоо б.э.

***Кыргыз Республикасындагы билим берүү системасындагы руханий, адеп-ахлактык абалдын чагылдырылышы.*** Азыркы заманда инсандын, анын ичинде биздин жаш муундардын руханий жана адеп-ахлактык өнүгүү маселелери өзгөчө актуалдуу болуп саналат. Бул биздин алдыбызда турган зарыл муктаждык. Кыргызстанда ар бир инсандын жана бүтүндөй коомдун руханий кайра жаралуусу бир убакта болмоюнча Кыргызстанда ийгиликтүү социалдык-экономикалык жана саясий реформаларга жетишүү мүмкүн эмес.

Мунун негизинде Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров 2021-жылы «Инсандын руханий-адептик өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» Концепциясын бекитүү боюнча Жарлыкка кол койду [1].

Концепция жарандарды жогорку адеп-ахлак нормаларын, каада-салттарды, салттуу үй-бүлөлүк жана коомдук баалуулуктарды, сергек жашоо образын өздөштүрүү, маданияттардын байлыгын, оригиналдуулугун жана биримдигин чагылдырган жалпы адамзаттык баалуулуктар системасы менен тааныштыруу аркылуу тарбиялоого багытталган [2].

***Азыркы коомдо руханий-адептик тарбиянын ролу.*** Азыркы учурда билим берүү коомдо негизги ролду ойнойт, анткени ал заманбап муундун руханий жана адеп-ахлактык сапаттарын калыптандыруу жана өнүктүрүү үчүн негиз катары кызмат кылат. Ар бир инсандын, жалпы коомдун руханий жактан кайра жаралуусу болмоюнча бир дагы социалдык, экономикалык, саясий долбоор ийгиликтүү ишке ашпай турганы айдан ачык.

Азыркы жаш муундардын арасында руханий-адептүү инсанды калыптандыруу билим берүүнүн актуалдуу милдеттеринин бири болуп саналат. Бул өсүп келе жаткан муундун интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөрүн жана билимин алардын ички руханий дүйнөсү жана маданий өнүгүүсүнүн жогорку деңгээли менен айкалыштыруу зарылчылыгы менен шартталган. Бул процесс инсандын калыптанышын, анын индивидуалдуулугун, руханий дүйнөсүн, адеп-ахлактык аң-сезимин, чыгармачыл компонентин жана өлкөнүн тарыхый менталитетин калыптандырууну камтыйт.

Бул сыяктуу көз караштарды айрым окумуштуулардын билдирүүлөрүндөн да көрүүгө болот. Мисалы, Н.Н. Никитина белгилегендей, [3] руханийлик – «адамдын ички дүйнөсүнүн бүтүндүгүн жана гармониясын чагылдырган, өзүнүн чегинен чыгып, тышкы дүйнө менен болгон мамилелерин гармониялоо жөндөмдүүлүгүн чагылдырган, анын аң-сезиминин жана өзүн-өзү аңдоосунун сапаттык мүнөздөмөсү». Руханият билим, маданий керектөөлөрдүн жана кызыкчылыктардын кеңдиги жана тереңдиги менен эмес, рухтун тынымсыз ишин, «өзүн өркүндөтүүгө, өзүнүн ички дүйнөсүнүн мейкиндигин өзгөртүүгө, аң-сезимин кеңейтүүгө умтулууну болжолдойт». Кошумчалай кетсек, руханият – бул адамдын өзгөчө эмоционалдык түзүлүшү, ал адамга карата сезимтал мамилеге, анын руханий жактан өсүшүнө камкордукка негизделген жогорку руханий абалдарга жетүү жана адамдардын ортосунда тымызын руханий байланыштарды орнотуу жөндөмдүүлүгүнөн көрүнөт.

Улуу педагог-новатор Сухомлинский балдарды тарбиялоодо, ата-энелердин ролу жогору экенин белгилөө менен ата-энелердин көңүлүн өмүр бою өзүнүн өнүгүүсү менен алек болуусу канчалык маанилүү экендигине бурган: «Өзүн-өзү тарбиялоо – тарбиялоодо көмөкчү нерсе эмес, анын пайдубалы. Адам өзүн өзү тарбиялабаса, аны эч ким тарбиялай албайт» - деген.

Сухомлинский балдарды жүрөксүз, таш боор, башка адамдарга кайдыгер болууга дайыма эле эч ким үйрөтпөй турганын баса белгилеген. Бирок, ага карабастан, кээ бир балдардан ушундай сапаттарды көрүүгө боло турганын баса белгилеген. Ошондуктан боорукердикке, ак пейилдикке, башкаларга кам көрүүгө активдүү үйрөтүү маанилүү. Балдарды мээримдүүлүккө өжөрлүк менен, чеберчилик менен үйрөтсөң, натыйжасы жакшылык болот. Тескерисинче, тарбияда жамандык каршылык таппаса, анда ал өнүгүп кетиши мүмкүн. Ошондуктан, рухий жана адеп-ахлактык баалуулуктарды жаштайынан жигердүү өнүктүрүү маанилүү [4].

Рубинштейн А.Г. бул процессте үй-бүлө чоң роль ойнойт - деп эсептеген, бирок алдыга жылган сайын айлана-чөйрөнүн, анын ичинде мугалимдердин, достордун жана заманбап коммуникация техно-

логияларынын, айрыкча интернеттеги социалдык тармактардын таасири кеңейет. Балдардын адеп-ахлактык калыптанышы ар кандай чөйрөлөрдө жана жагдайларда ишке ашат, бул мугалимдерден чыгармачылыкты жана туруктуу оңдоолорду талап кылат, алар ар бир окуучуга өзүнүн тажрыйбасына жана муктаждыктарына жараша мамилесин ыңгайлаштырууга тийиш [5, 71-78-б.]. Андыктан Д.И. Менделеев: «Тарбиясыз билим – жиндин колундагы кылыч» - деп бекер айткан эмес.

Айрым изилдөөчүлөрдүн айтуусу боюнча илим, техника жана маалымат технологиялары өнүгүүнүн жогорку деңгээлине жеткен дүйнөдө адамдардын руханий-адептик сапаттарынын төмөндөшү коомго коркунуч жаратат. Терроризм, улуттар аралык чырчатактар, социалдык көйгөйлөр кеңири жайылууда. Адеп-ахлактык баалуулуктары жок илим жана билим – зыяндуу. Демек, рухий-адеп-ахлактык тарбиялоо процессинде окуучулардын адеп-ахлактык сапаттарын өнүктүрүү жер бетинде жашоону сактоо милдети менен салыштырылуучу өтө маанилүү нерсе.

Руханиятты жана адептүүлүктү кайра жаратуу үчүн жаш муундарды кылымдардан бери келе жаткан каада-салттарга жана адеп-ахлак нормаларына негизделген толук руханий-адептик тарбиялоону камсыз кылуу зарыл. Рухий-адеп-ахлактык тарбиялоо – педагогикалык, социалдык жана руханий таасирлерди камтыган татаал процесс. Ал адамдын эң негизги өзгөчөлүгү катары руханий жана адеп-ахлак менен аныкталат. Руханият адамды өзүн-өзү өркүндөтүүгө, адептүүлүк адамды башкалар жана коом менен туура мамиледе болууга багыттайт. Руханият руханий тажрыйбаларда көрүнөт жана адамдын аң-сезиминин баалуулугу болуп саналат [6].

Коомдогу азыркы көйгөйлөр жана кризистик көрүнүштөр руханий-адептик тарбиянын актуалдуулугуна басым жасоодо. Мындай көйгөйлөрдүн арасында, жогоруда белгилегендей, криминалдашуу, баңгилик, аракечтик, адеп-ахлактык баалуулуктардын төмөн деңгээли, сойкулук, селсаяктык, үй-бүлөлүк институттун кыйрашы, суицид жана башкалар бар. Демек, руханий-адептик тарбияны билим берүүнүн өзүнчө чөйрөсү катары бөлүп көрсөтүү зарыл, анын бул кризистик көрүнүштөрдү чечүүгө көмөктөшүүчү өзүнүн ыкмалары жана каражаттары бар.

*Азыркы шарттарда руханий-адеп-ахлактык тарбияны ишке ашыруу көйгөйлөрү.*

Белгилүү болгондой, коомдо жашап, анын таасиринен эркин калуу мүмкүн эмес. Билим берүү системасына коюлган жогорку талаптарга карабастан, руханий-адептик тарбиялоо көйгөйлөрүн мектептик билим берүүнүн алкагында гана чечүү мүмкүн эмес. Азыркы учурда биздин алдыбызда руханий жана адеп-ахлактык жактан толук өнүгүүгө жетишүү үчүн токтоосуз көңүл бурууну талап кылган бир катар көйгөйлөр бар.

***Үй-бүлөлүк баалуулуктардын девальвациясы.*** Бүгүнкү күнү кыргызстандыктардын көпчүлүгүнүн (бир гана мектеп окуучулары эмес, жалпы эле жарандар) ааламдашуунун таасири астында батыш, америка баалауулуктарын жогоруу коюунун негизинде салттуу маданиятты четке кагуусу, т.а., салттуу маданияттын руханий мазмунун кабыл алууга даяр эместиги менен коштолууда. Бул жерде эскерте кетүүчү нерсе мугалимдер: «Балдар менен иштөөдө эң кыйыны чоңдор менен иштөө» деп айтышат. Анткени бүгүнкү мектеп жашындагы балдары бар ата-энелер багытсыз өнүгүүнүн, эгенмендүүлүктүн алгачкы тунгуюк учурунда  тарбияланган балдар жана алар бүгүн өз уясынан көргөн тарбия, адеп-ахлактын негизинде  өз балдарын тарбиялап жатышат.

Көбүнчө үй-бүлөлөр балдарга руханий калыптанууну жана билим берүүнү камсыз кыла албай, аларга маанилүү маданий жана турмуштук баалуулуктарды жеткире алышпайт. Үй-бүлөдөгү кыйроо жана кризис, ошондой эле азыркы ата-энелердин руханий жана адеп-ахлактык маданиятынын өтө төмөн деңгээли да олуттуу кыйынчылыктарды жаратууда.

Дагы бир орчундуу учур, айрым ата-энелер тарбия маселесинде «жоопкерчилик» түшүнүгүн өздөрү терең түшүнө алышпайт. В.Г. Белинский «Айланада канча ата-эне бар, бирок ата да аз, эне да аз!» [7] - деген, бул учурдагы кырдаалды чагылдырат. Ата-энелер кээде балдары мектеп же башкалар жөнүндө жаман сөздөрдү сүйлөп же агрессивдүү болуп калганда же балдарынын мектептин талабына каршы адепсиз кийим кийип бара баштаса жана туура эмес жүрүм-турумун көрүшсө деле ага көңүл бурушпайт, кайдыгердик кылышат, көйгөйдүн олуттуулугун түшүнүшпөйт.

***Социалдык институттардын тарбия ишиндеги таасир берүүнүн ырааттуулугунун жоктугу.*** Балдарды жана жаштарды руханий-адептик жактан тарбиялоо бүгүнкү күндөгү эң орчундуу маселелердин бири экенин жогоруда да белгиледик. Бирок, бул процесске үй-бүлө, билим берүү мекемелери, дин мекемелери, мамлекеттик жана коомдук структуралар сыяктуу түрдүү социалдык институттардын таасиринин ырааттуулугунун жоктугу менен байланышкан олуттуу көйгөй бар экенин айтуу зарыл.

Социалдык институттар балдарды жана жаштарды тарбиялоо маселелеринде кызматташууга жана өз ара аракеттенишүүгө тийиш. Мисалы, мектеп программаларын жана иш пландарын иштеп чыгат, алар башка социалдык мекемелердин пландары менен дагы макулдашылса ийгиликтүү болмок. Бирок, бул пландар бири-бирине карама-каршы келген учурлар да көп кездешет.

***Кадрлар менен камсыздоо.*** Психологдор менен кошумча билим берүү мугалимдеринин айлыгы аз

жана алардын саны дагы бардык билим берүү жайларын камтыбайт. Мындан тышкары салттуу негизде руханий-адептик тарбиялоонун мазмуну жана методикасы маселелери боюнча мугалимдердин маданиятынын жана кесиптик компетенттүүлүгүнүн деңгээли жетишсиз. Натыйжада педагогикалык кадрларды атайын даярдоону, кайра даярдоону жана квалификациясын жогорулатууну уюштуруунун кечиктирилгис зарылдыгы келип чыкты.

***Демократия, укук бузбоо түшүнүнүктөрүнүн мааниси.*** Эгемендүүлүктүн келиши менен Кыргызстанда эркиндикти псевдолибералдык түшүнүү калыптанып, мыйзамдуулуктун демократиялык принциби «мыйзам тыюу салбаган нерсенин баарын кыла аласың» деген принцип өтө начар чечмеленүүдө. Эркиндиктин бурмаланган идеясын оңдоого багытталган шашылыш кабыл алынган мыйзамдар натыйжасыз болуп жатат, анткени алар мыйзамсыз иш-аракеттер үчүн жазалоо маселелери боюнча логикалык жыйынтыкка келе элек.

Мектептерде балдар өз укуктарын абдан жакшы өздөштүрүшкөн, бирок жоопкерчилик жөнүндө эстегилери дагы келбейт. Бул жерде тең салмактуулуктун жоктугу балдарга өзүмбилемдикке жол ачып жатат. Окуучулар демократиянын принциптерине таянуу менен (албетте туура эмес чечмелегендиктен, түшүнгөндүктөн) эч тартынбастан туруп, мугалимдер, ата-энелер же жалпы эле улуулар менен каршылашканын, аларга негиздүү, негизсиз акарат айтканына күбө болуудабыз.

Мунун негизинде балдар абийирине эмес, бир гана мыйзамга баш ийишибиз керек деп ойлой баштаганын көрүүгө болот. Абсолюттук эркиндиктин чек арасы мына ушунда! Акыры бул биздин коом абийир боюнча эмес, мыйзам боюнча эмес, «түшүнүктөр боюнча» жашай башташына алып келет. Бул эркиндикти чектөөлөрдүн жана тыюулардын жоктугу катары, ошондой эле мыйзамсыздык жана жоопкерчиликсиздик катары түшүнүүнү жаратууда.

Кыргызстанда, тагыраак айтканда, көптөгөн мыйзамдар, анын ичинде билим берүүгө, жүрүм-турумга байланышкан мыйзамдар толук кандуу иштебейт. 2021жылдын 15-сентябрындагы кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын жарандарынын ден соолугун тамекини, никотинди керектөөнүн кесепеттеринен жана айланадагы тамеки түтүнүнүн жана аэрозолдун таасиринен коргоо жөнүндө» мыйзамда коомдук жайларда, өзгөчө билим берүү, маданият жана медициналык мекемелерде тамеки тартууга тыюу салынганы так жазылган. Бирок өкмөт бул мыйзамды жер-жерлерде ишке ашыруу механизмдерин толук, так иштеп чыга элек, ошондуктан мыйзам иштебей турат. Анын үстүнө азыр мектептерде окуучулар үчүн тамеки чеге турган жайларды берүү зарылдыгын айтып жаткандар дагы жок эмес, бул түздөн-түз мыйзам бузуу болуп саналат. Дүкөндөр менен күркөлөрдө тамекинин түрлөрү 11-12 жаштагы балдарга дагы сатылып жатат, анткени жеке ишкерлерге салынган айыптар анчалык деле чоң болбогондуктан, жашы жете электерге тыюу салынган товар сатуудан түшкөн пайда мыйзам бузуудан коркуу сезиминен жогору. Майда көптөгөн дүкөндөр өспүрүмдөр үчүн алкоголдук ичимдиктерди да сатышат.

***Массалык маалымат каражаттарынын таасири.*** Бүгүнкү күндө айрым маалымат каражаттары өздөрүнүн руханий жана адеп-ахлактык милдеттерин толук аткарбай, бул чөйрөнү батыш маданиятынын суррогаттары менен толтурууга жол берип жатышат. Сайт ээлеринин жоопкерчиликсиздигине карабай, жаштар интернетте жана социалдык тармактарда терс таасирлерге кабылууда.

***Тарыхый улантуучулуктун сакталбашы.*** Тарбиялоо процессинде муундар ортосундагы тарыхый байланыштын сакталбагандыгын көрүүгө болот. Жаштар мурда жашап өткөн адамдардын тажрыйбасын үйрөнүү мүмкүнчүлүгүнөн ажырап калышты. Мурунку муундар өз көйгөйлөрүн кантип чечкенин, кандай кыйынчылыктарга туш болгонун, жогорку баалуулуктары кандай болгонун, коомдогу чакырыктарга кантип жооп беришкенин, өткөндөн кандай сабак алууга болорун, турмуштун өзгөрүшүн кандай мисалдар ачык көрсөткөнүн билишпейт.

***Адеп-ахлактык баалуулуктардын жетишсиздиги, руханий кризис.*** Азыркы кыргыз коомунда адеп-ахлактык баалуулуктардын жетишсиздиги белгилүү. Руханий кризистин эң ачык белгилеринин бири – элдин маанилүү руханий баалуулугу болгон мекенчилдиктин жоголушу б.с. Жаш муун барган сайын өз элинин улуттук маданиятынан жана тарыхый тажрыйбасынан алыстап баратат. Тарыхын сыйлабагандар өзүн-өзү жок кылууга жакын экенин түшүнүү керек, бул аракечтик, тамеки тартуу жана жашоонун маанисин жоготуу сыяктуу көйгөйлөргө алып келиши мүмкүн.

Г. Честертон айткандай нигилизм кеңири жайылууда жана ал дайыма актуалдуу бойдон калууда. Практикалык жагынан алганда, бул баңгичиликтин көбөйүшүнө, өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун жана кароосуз калган балдардын санынын өсүшүнө алып келиши мүмкүн.

Жогоруда белгиленген көйгөйлөр бул жаш муундарды тарбиялоодогу адеп-ахлаксыздыкка, рухсуз жан дүйнөгө түрткү берүүчү факторлор экенин көрдүк.

**Корутунду.** Ошентип, жогоруда айтылгандардын негизинде, бүгүн Кыргызстанда баалуулук багыттарынын өзгөрүшү коомдун руханий биримдигинин бузулушуна, жаштардын, анын ичинде окуучулардын артыкчылыктарынын өзгөрүшүнө жана салттуу адеп-ахлак нормаларынын деформациясына

алып келип жатканын айтууга болот.

Билим берүү системасы коом алдында турган заманбап чакырыктардан четте кала албайт. Жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын алкагында окуучуларды руханий-адептик жактан өнүктүрүүгө, тарбиялоого жана коомдоштурууга өзгөчө маани берилет, бул «Билим берүү жөнүндө» мыйзамга ылайык артыкчылыктуу милдет катары аныкталган. Бул мыйзамга ылайык, билим берүүнүн бардык баскычтарында негизги билим берүү программалары билим берүү мекемелеринин өзгөчөлүктөрүн, окуучулардын керектөөлөрүн жана суроо-талаптарын эске алуу менен мамлекеттик билим берүү стандартын ишке ашырууну камсыз кылууга тийиш.

Адеп-ахлактык тарбия жаатындагы бул изилдөө заманбап коомдун шарттарында билим берүүнүн салттуу каражаттары жана технологиялары жаңылоону жана өркүндөтүүнү талап кылаарын көрсөтүп турат.

***Сунуш.*** Бул контекстте адеп-ахлактык тарбиялоо милдети адамдын жашоосунун негизги шарты. Ошондуктан биз балдарды руханий-адептик жактан тарбиялоо үчүн социалдык, педагогикалык жактан негизделген шарттарды түзүп, эффективдүү методдорду жана формаларды иштеп чыгышыбыз керек. Жогорудагы айрым көйгөйлөрдүн негизинде төмөндөгүдөй сунуштарды берүүгө болот:

- Балдарды рухий-адептик жактан тарбиялоо маселелеринде үй-бүлөгө педагогикалык жардам көрсөтүү зарылдыгы бар.
- Мындан тышкары салттуу негизде руханий-адептик тарбиялоонун мазмуну жана методикасы маселелери боюнча мугалимдердин маданиятынын жана кесиптик компетенттүүлүгүнүн деңгээлин көтөрүү керек. Натыйжада педагогикалык кадрларды атайын даярдоону, кайра даярдоону жана квалификациясын жогорулатууну уюштуруунун кечиктирилгис зарылдыгы келип чыкты.
- Бүгүнкү күндө айрым маалымат каражаттары өздөрүнүн руханий жана адеп-ахлактык милдеттерин толук аткарбай, бул чөйрөнү батыш маданиятынын суррогаттары менен толтурууга жол берип жатышат, андыктан алардын окуучулардын аң-сезимине, адеп-ахлактык тарбиясына кошуп жаткан терс таасирин жок кылуу, азайтуу максатында мамлекеттин билим берүү системасы менен байланышы бар бардык социалдык институттар менен биргеликте алардын таасирин чектөө боюнча иш чаралардын планын иштеп чыгуусу жана анын ишке ашышын көзөмөлгө алуусу керек.
- Тарыхый улантуучулук, муундар ортосундагы кабыл алуучулуктун сакталышы үчүн билим берүү системасынын ар кандай деңгээлдеринде диний маданияттын бардык аспектилерин талдоону камтыган руханий-адептик тарбиялоо системасынын жана так структураланган маданий окуу курсун иштеп чыгуу зарыл.
- Кадр маселесин чечүү, анын ичинде мектеп психологдорунун кызмат ордун киргизүү менен гана чектелбестен, аларга шарттарды түзүү жана ар бир окуучуну системалуу түрдө изилдөө. Мектеп психологдору мектеп окуучуларын тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн жеке методдорун иштеп чыгууда класс жетекчилердин жана ата-энелердин биринчи жардамчылары болууга тийиш.
- Балдардын, өспүрүмдөрдүн жана жаштардын руханий-адептик маданиятын калыптандыруу процессинин илимий методдорун камсыз кылуу.
- Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринен баштап жогорку окуу жайларына чейин руханий-адептик маданиятты калыптандырууда үзгүлтүксүздүктү камсыз кылуу.

**Адабияттар:**


1. Утверждена Концепция о духовно-нравственном развитии и физическом воспитании личности. // https://sport.kg/miscellaneous/65222-utverzhdena-koncepcija-o-duhovno-nravstvennom-razvitii-i-fizicheskom-vospitanii-lichnosti.html
2. Кудаяров Б. власти приняли концепцию духовно-нравственного развития и физвоспитания для граждан. // 24.07.21. https://oper.kaktus.media/doc/443066_vlasti_ pri nia li_koncepciu_dyhovno_nravstvennogo_razvitiia_i_fizvospitania_dlia_grajdan.html
3. Никитина Н.Н. духовно-нравственное воспитание: сущность и проблемы // научно-просветительский педагогический журнал педагогика культуры. - 2008 - №7 [Электронный ресурс]. режим доступа: http://www.pedagogika-cultura.narod.ru/private/ articles/n_7/nikinina_08_2.htm)
4. Богуславский М. Бессмертный принцип Сухомлинского. Чему он учит даже 100 лет спустя? //https://ria.ru/ 20220506 /sukhomlinskiy-1786112116.html)
5. Тихонова Э.В. О природе нравственного долга и сущности морали (к 160-летию со дня рождения философа А.И. Введенского). // Воспитание школьников. - 2016. - № 7. - С. 71-78.
6. Дильдибекова Г.А. Бекмаганбетова Г.К. Климбей Л.В. Развитие духовно-нравственного потенциала обучающихся как приоритетная задача современного образования // https://science-pedagogy.ru/ru/article/view?id=1547
7. Кузнецова О.А. Актуальные проблемы современного дошкольного воспитания.//рицо.рф›smi/Актуальные проблемы современного.docx